Жалпы ата-энелер чогулушу 1.09.2022

Протокол №1

Күн тартибинде каралуучу маселелер.

1. Жаңы окуу жылынын башталышы.
2. Башталгыч класстын окуучуларына берилүүчү ыссык тамак.
3. СБ маселеси.

Жалпы ата-энелер чогулушуна 113 ата-эне жана 29 мугалим катышты. Чогулуштун башында мектеп директору Иващенко Ольга Александровнанын беш жылдык отчеттук видео ролиги көрсөтүлдү. Мектептин ичиндеги ремонт иштери жана мектептеги жаңыртылган кабинеттер көрсөтүлдү. Кийинки кезек "Балдар жана өспүрүмдөр борборунун өкүлүЭсенгулова Жамиля сүйлөдү . Өзүн тааныштырып мындан кийин мектеп ичинде бир жыл бою бисер боюнча бекер ийримдерди өткөрөбүз . Ийримге катышуу үчүн 1-класстан 11-класска чейинки окуучулар катыша алышат .Ошондой эле Кемин шаарында "Алтын түйүн" академиясы дагы ачылган ал жактагы ийримдерге 6-7-классынын окуучулары катышса болот, ал жакта дагы жалаң гана бекер окуулар өткөрүлөт.

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Джаманкулова Мария Мирланбековна жалпы ата-энелерге мектептеги СБ маселеси боюнча кайрылды. Өткөн окуу жылында мектепте СБ иштеген, ар бир окуучу 25 сомдон төлөчү , ал эми жаңы окуу жылында СБ керекпи же кереги жокпу ушул маселени талкуугa алып чечип берсениздер. Залды жалпы 100% деп эсептесек 25 срмдон беш киши кол көтөрдү.

30 сомдон залдын 60% кол көтөрдү.

40 сомдон 30 киши кол көтөрдү.

Залдын көпчүлүгү 30 ( отуз ) сомго макул болушту. СБнын акчасын чогултуучун ата-энелерден каалоочуларды шайлап алсак.

1Калилова Сагын

2 Казиев Айбек

Эки киши акчаны чогултуп СБга өткөрүп беришет акча чогултууга мугалимдер катышууга болбойт.

Өткон окуу жылында питаниенин акчасынан 2700 сом ашкан ошол боюнча Абакирова Кыял эже отчет берди. Как маселеси боюнча өткөн окуу жылында каалоочулар 2 кг как бергенсинер быйыл 3 кг какка көтөрдүк себеби азыр күз мезгили алмалар жерде эле тоголонуп жатат каалоочулар өткөрсөңүздөр болот.

Кийинки сөз мектеп ашпозчусу Нааматова Динара мектеп тамактануусу боюнча көпчүлүктүн алдында чечишип алалы . өкмөттүн бөлгөн акчасы менен айыл өкмөттүн болгөн акчасы балдардын күнүмдүк иче турган тамактануусуна жетет бирок биз ыссык тамакты эти менен арасында балык , сасиска жана башка ар кандай тамактарды ата-энелерден чогулган акчага мындан да жакшырып жаткан. Эгерде ошондой ыссык тамак берилсин десениздер анда чечишели жана акчасын чогултсак 1нен 10на чейин чогултсак жакшы болмок.

Питаниенин акчасы боюнча залда талкуу жүрүүдө ар бир ата-эненин ою ар кандай болду жана Абылгазиева Айсулуу жана Абакирова Кыял эжелер бүгүнкү күндөгү прадуктыга болгон баа өсүп жатканын эске алалы себеби бир айга 200 сомдон чогултсак бүгүнкү күндөгү баа менен туура келбей калат эгер макул болсоңуздар питаниенин акчасын кичине көтөрөлү. Залда кымбат болуп калат төлөй албай калам деген ата-энелер болбой койгон жок . Залдын 80% питаниенин акчасы 300(үч жүз)сом болушуна макул болушту жана макулдуктарын беришти.

Чечим:

1. Окуучулар мектепке келе жатканда мектеп формасы менен келишсин.
2. Башталгыч классынын окуучуларына ыссык тамактануу боюнча акчасы 300 сомдон ата-энелер тарабынан төлөнсүн.
3. Мектепте СБ жумушчуга ар бир окуучу тарабынан 30(отуз) сомдон толөшсүн.

Ата-энелер комитетинин төрайымы : М. [signature]